Шабидинова З.А. –
Баткен облусу, Кадамжай району,
“Айрыбаз” орто мектебинин тарых мугалими

**Предмет:** Соңку тарых.
**Класс:** 9

**Айы____күнү________**

**Сабактын темасы**: СССРде тоталитардык системанын калыптанышы.

| | | |
|---|---|---|
| **Негизги компотенттүүлүк:** | Маалыматтык<br>Социалдык-коммуникативдик<br>Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү. | НК1<br>НК2<br>НК3 |
| **Предметтик компотенттүүлүк:** | Хронологиялык жана картографиялык<br>Тарыхый цивилизациялык<br>Этномаданий<br>Социалдык-жарандык | ПК1<br>ПК2<br>ПК3<br>ПК4 |
| **Сабактын максаты:**<br>**Билим берүүчүлүк:**<br><br><br>**Өнүктүрүүчүлүк:**<br><br><br>**Тарбия берүүчүлүк:** | Индустриялаштыруу жана айыл чарбасын коллективдештирүүнүн жүрүшү, коллективдештирүүнүн социалдык кесепеттери менен биргеликте И.Сталиндин керт башына сыйынуучулуктун калыптануусу жөнүндө маалымат алышат.<br>Топтордо иштөө менен маалыматты талдоо, жеткиликтүү айтып берүү көндүмдөрүнө үйрөнүшөт.<br>Саясий режимдин кесепеттерин талдап, чечкиндүүлүккө, патриоттуулука тарбияланышат. | |

**Сабактын формасы**: Топтордо иштөө, салыштыруу.
**Сабактын жабдылышы**: Интернет булактарынан алынган сүрөттөр жана плакаттар. Ватман, скотч ж.б. таркатмалар. Ноутбук.
**Колдонулган адабияттар**: Окуу китеби: 9-класс. Сонку тарых. Автору Т.Өмүрзакова, интернет булактары, энциклопедия кошумча адабияттар.
**Сабактын тиби:** Жаңы теманы түшүндүрүү жана баяндоо.

**Сабактын жүрүшү**:
**1. Уюштуруу:** Саламатсынарбы кымбаттуу окуучулар! Келгиле силер менен биргеликте сүрөттүү тесттердин туура жоопторун белгилейли. Бул суроолорго туура жооп берүү менен өтүлгөн теманы да кайталап алабыз.

№ 1-тест.
1921-ж мартта В.И.Ленин тарабынан РКП(б)нын X сьездинде киргизилген “Жаны экономикалык саясаттын” алгачкы кадамы кайсы болгон?




А) Акча реформасы жүргүзүлүп туруктуу- червонец киргизилген.
Б) ”Өнөр жайды толук мамлекеттештирүү жөнүндөгү” декрет кабыл алынып, майда жана орто ишканалар жеке менчикке берилген.
В) Азык-түлүк тапшыруу алынып, анын ордуна натуралдык салык киргизилген.
Г) Мамлекеттик банк калыбына келтирилген.
Д) Жогорудагылардын баары .

№2-тест. 1922-ж. 30-декабрда Советтердин Союздук I сьездинде ССCдин түзүлгөндүгү жөнүндө келишимди бекитип, анда эн жогорку аткаруу жана административдик орган кайсы болуп калды?




А) Советтердин Борбордук Аткаруу Комитети.
Б) Борборук Аткаруу Комитетинин Президиуму.
В) Эл Комиссарлар Совети.
Г) Айыл чарбасынын Жогорку Кенеши.

№3-тест.
Большевизмдин жаны идеясы – дүйнөлүк революция идеясын – социализмди бир гана өлкөдө куруу мүмкүндүгү теорияны колдогон партиялык жетекчи ким?



А) Л.Б Каменев.
Б) Л.Д Троцкий
В) И Сталин
Г) Л.Зиновьев

(Сүрөттүү тесттердин ар кандай формада түзүүгө болот)

**Жаны тема:** Демек балдар бүгүнкү темабыз СССРде тоталитардык системанын калыптанышы. Бүгүнкү сабактын максаты жана стратегилык планы баракчада даяр, ар бир партада турат. Сабактын негизги максатына жараша өз максатынарды аныктап, стратегиялык план менен таанышсанар.


**Стратегиялык план:**

Топторго тапшырма берүү.
1. Айсберг-тоскоолдуктарды аныктоо.
2. Плюстар жана минустар-жакшы жана жамандын символу катары иштетүү
3. Тарыхый булактар.
4. Кайчылаш сүйлөшүү-окуучулардын бири-бири менен маалымат алмашуусу.
6. Кубик-суроолордун өзгөчө берилиши.

Мугалим: 1925-жылга карата СССРдин техникалык базасы начар болгондуктан Европалык мамлекеттерге техникалык көз каранды бойдон калган. 1929-1933-жж. трактор, автомобилдерди кара металлды сатып алуу үчүн 1млрдга жакын акча сарптайт. Армиянын техникалык жабдылышы да начар болгон. Ушундай шартта советтик экономикадагы эн биринчи милдеттердин бири индустриялаштыруу 1925-ж. аягына коюлган. Өлкөнү индустриялаштырууга бардык ресурстарды колдонуу үчүн беш жылдык пландар кабыл алынган.

Индустриялаштыруунун 5 негизги максаты анык болчу:
-өлкөдөгү техникалык артта калуучулукту жоюу.
-экономикалык көз карандылыка жетүү.
-коргонууга жөндөмдүү оор өнөр-жайын түзүү.
-айыл чарбасында коллективдештирүүнү жүргүзүү үчүн материалдык – техникалык базаны калыптандыруу.
-өнөр жайында биринчи орунда базалык тармактарды өнүктүрүү.

**1-топ текст боюнча индустриялаштыруунун беш жылдык планы жана жыйынтыгын Айсберг** усулу боюнча презентация кылып бересенер.

| | | |
|---|---|---|
| Биринчи беш жылдык. 1928-1932-жж. Планды ишке ашыруунун каражаты “ички запас” болгон, ошондуктан калктын керектөөсү кыскартылып, чийки зат,<br>азык-түлүк, музей буюмдары сыртка сатылган. Түшкөн каражатка чет элдик | <br>Индустриялаштыруу менен айыл чарбасын коллективдештирүү бир мезгилде жүрүп, **кыштактар** | Экинчи беш жылдык 1933-1937-жж.10 жылдык мөөнөттө Европалык кээ би үлкүлүрдү куурп өткөн. Кубаттуу индустриялаштыруу айыл-чарбасын да түп-тамырынан өзгөртүүнү талап кылган.<br>**-Өнөр-жай продукциясынын 80% ашыгын жаны курулган** |

| | | |
|---|---|---|
| фималар жабдууларды жөнөтүшкөн.<br>**-оор өнөр жай 2,8 эсеге**<br>**-машина куруу 4 эсеге өскөн**.<br>(курулган ишканаларды мисал келтиришет) | **индустриялаштырууга керектелүүчү каражат** катары каралган. Ушул аракет **Айсберг** катары чон тоскоолдук жараткан. | **ишканалар берген**<br><br>(экинчи беш жылдыкта курулган заводдорду мисал келтиришет) |

2-топ. **Айыл чарбасын коллективдештирүүнүн жүрүшү жана анын социалдык кесепеттери. Кулакка тартуу**.

Экинчи топ тексттик абзацтар аркылуу иштеп, плюстар жана минустар усулу боюнча презентация кылышат.

Мугалим: Индустриялаштыруу менен айыл чарбасын коллективдештирүү бир мезгилде башталып партиялык документтерде коллективдештирүү “кыштактарда социалисттик кайра курууларды ишке ашыруу” деп жарыяланган. Төмөнкү абзацтардын маанисин окуп түшүнүп плюс жана минустар белгилери аркылуу айтып бериле.

Тексттер:

Коллективдештирүү 1928-1929-жж башталып, үч формада: артель, коммуна жана ТОЗ түрүндө ишке ашырылган. Коммуна – өндүрүштү коомдоштуруу. Артель – жерди, кыймылсыз мүлктү, малды кой-эчкилерди жана канаттууларды жалпы менчикке өткөрүү. ТОЗ – жерди иштетүүдөгү жалпы эмгек.

1930-ж. 5-январда БКП(б)нын “Коллективдештирүүнүн ылдамдыгы жана мамлекеттин колхоз курулушуна жардам берүү чеги жөнүндө” токтому чыккан. Бирок, коллективдештирүүнү кандай жол менен ишке ашыруу керектиги, кулакка тартуунун чен-өлчөмү кайсы? ж.б суроолорго жооп бере алган эмес.

Колхозго кирүүдөн баш таткандарды шайлоо укугунан ажыратып, кулакка тартышып мал-мүлкүн тартып алышып, эркинен ажыратышкан. Эркиндигиен ажырагандар 20%, кулакка тартылгандар 15% түзгөн. Кулакка орто дыйкандар, кээде жакпай калган кедейлерди да тизмеге киризген.

1929-1930-жж. 320 мин дыйкан чарбалары кулакка тартылган. Алардын 175 млн сомдук буюмдары колхозго өткөн. Кимдерди кулакка тартуу боюнча

анык көрсөтмө болгон эмес, жалпы кабыл алынган түшүнүк боюнча жалданма эмгекти пайдалангандардын баарын кулак катары эсептешкен Ар бир район кулакка тартуу боюнча милдеттенме алып, 100 пайыздык көрсөткүч болгон. Украинада, Кавказда, Орто Азияда дыйкандар массалык кулака тартуууга каршы күрөшкөн. Жергиликтүү активдерге каршы террордук актыларды уюштурган дыйкандар да болгон. Алар колхозго кирүүдөн баш тартышып, малын союп, буюмдарын өрттөшкөн.

Кулакка тартуунун кесепетинен 1932-1933-жж. 25-30 млн адамды камтыган ачарчылык болгон. Трагедиянын масштабын жашыруу максатында өлкө башчылары маалымдоо каражаттарына маалымат берүүгө тыюу салган. Ага карабастан ачарчылык мезгилинде индустриялаштыруунун керектөөсү үчүн 18млн центнер буудай чет өлкөгө чыгарылган. ЖЫЙЫНТЫГЫНДА: СССР оор өнөр-жайынын өнүгүүсүндө гиганттык секирик жасаган. Бирок, бул экономикалык турмушту ашыкча борбордоштуруу, дыйкандарды мамлекетке толук көз каранды кылып, кызматкерлерге карата мажбурлоо чарасын колдонууну кенейткен.

**3-топ: Сталиндин керт башына сыйынуучулуктун калыптанышы жана массалык репрессия подтемасы боюнча графикалык каражат түзүү.**

1929-ж. 21-декабрда И.В.Сталин 50 жашка толгон. Коммунисттик партиянын диктатордук бийлиги 1930-ж. Сталиндин керт башына сыйынууулуктун калыптанышына шарт түзгөн.




1932-ж башында кулактарга каршы массалык репрессия башталган. 1932-ж. 7-августта БАК жана ЭКС И.Сталин жазган “мамлекеттик ишканалардын колхоздордун жана кооперациялардын эмеректерин коргоо жана коомдук менчикти бекемдөө” мыйзамы кабыл алынган. Бул мыйзам “бөрк ал десе баш ал” демекчи болор –болбос кылмыш үчүн узак жылдарга түрмөгө камоого жана атууга өкүм чыгарылган. Өлкөдөгү массалык репрессиянын кенири жайылышына 1934-ж. 1-декабрда БКП(б)БКнын Ленинград саясий бюросунун мүчөсү, Ленинград губкомдун биринчи секретары С.М.Кировдун атылышы шылтоо болгон.

Массалык репрессиянын Кыргызстандагы курмандыктары боюнча маалымат алуу үчүн Ютуб каналдагы видео тасманын шилтемеси берилет: https://youtu.be/lVtVlSyX-7w

-Презентациялоо

-Топтордун презентацияларын талкуулоо жана баалоо.

**-Кайчылаш сүйлөшүү**. Топтор бири–бири менен маалымат алмашуусу.
**-Бышыктоо**. Кубик усулу. Кубиктин ар бир бөлүгүнө бышыктоочу суроолор жазылат. Топторго кубиктин кайсы бөлүгүндөгү суроо туура келсе ошого жооп беришет.



**-Үйгө тапшырма.** Окуу китебинин Массалык репрессия жана Улут саясаты деген подтемаларды окуп, темадагы документтүү материалдарды жазып келүү.